-бул мүлктү сактоо үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн адам.

-жергиликтүү кеңештин өкүлү

-жергиликтүү жамааттын өкүлү

Мындан тышкары комиссиянын курамына коомдук уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле башка адамдар (уюмдун жетекчисинин ыктыяры боюнча) киргизилиши мүмкүн.

2.2. Туруктуу иштөөчү комиссия төмөнкү иштерди аткарат:

а) зарыл техникалык документацияны (паспорт жана башка документтер), ошондой эле бухгалтердик эсептин маалыматтарын пайдалануу менен эсептен чыгарылуучу мүлктү кароону жүргүзүшөт жана анын эсептен чыгарылгандыгы тууралуу корутунду киргизишет;

б) эгер эсептен чыгаруу объектиси атайын аппаратура же жабдуу болсо, негизги каражаттардын жараксыздыгы тууралуу корутунду берүү үчүн милдеттүү түрдө тиешелүү уюмдардын адистерин тартышат;

в) мүлктү эсептен чыгаруунун так себептерин аныкташат (эскирүү, авария, пайдалануунун туура шарттарын бузуу жана башкалар);

г) негизги каражаттарды пайдалануудан мезгилсиз чыгарган күнөөлүү адамдарды аныкташат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте, бул адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча сунуштарды киргизишет;

д) негизги каражаттардын объектилерин эсептен чыгарууга актыларды түзүшөт.

-жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө акт (форма НК-1);

-жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында транспорт каражаттарын эсептен чыгаруу жөнүндө акт (тиркелген форма НК-2 ылайык).

2.3.Жумушчу комиссиясы жүргүзгөн иштердин жыйынтыгы боюнча тиешелүү документтер, анын ичинде мекеменин жетекчисинин кат жүзүндө кайрылуусу, башка зарыл материалдар, негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча актылар Нурманбет айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилет.

Эсептен чыгаруу материалдары милдеттүү түрдө бардык көктөлгөн документтердин тизмеги менен боолонуп, номерленип жана тигилиши керек.

2.4. Баасы 100 эсептик көрсөткүчкө чейинки негизги каражаттарды (автоунаа каражаттарынан тышкары) эсептен чыгаруу боюнча комиссиянын курамы, Нурманбет айыл өкмөтүнүн буюрмасы менен түзүлөт. Комиссиянын курамына ошондой эле жетекчи, башкы бухгалтер, мүлккө жооптуу болгон мекеменин адамы кирет.

2.5. Баасы 100 эсептик көрсөткүчтөн жогору болгон негизги каражаттарды, ошондой эле автоунаа каражаттарын эсептен чыгаруу боюнча комиссиянын курамы Нурманбет айылдык кеңешинин чечими менен бекитилет.

2.6. Муниципалдык мүлктүн негизги каражаттарын эсептен чыгаруу боюнча комиссия эсептен чыгарууга түшкөн документтерди карайт.

2.7. Эсептен чыгаруу актыларында негизги каражаттардын төмөнкү маалыматтары көрсөтүлөт:

-даярдалган жылы;

- ишканага, мекемеге түшкөн жылы;

-пайдаланууга берилген убагы;

- объектинин баштапкы баасы;